**Изденүүчү Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик**

**пикир**

Талдоого алынып жаткан диссертация шексиз актуалдуу маселеге арналган. Түпкүлүгүндө балдарды тарбиялоонун натыйжалуулугу ата - энелердин кишилик касиеттери менен таалим тарбия ишмердүүлүгүнүн жугумдуулугунан көз каранды экендиги абалтан келе жаткан акыйкат. Салттык турмушта ата энелер да өз өмүрүнүн түпкү натыйжасын тиричилигин өз алдынча өткөрүүгө жарамдуу, коом алдындагы парыздарын кынтыксыз аткарган парасаттуу муунду жетилдирүүдөн көргөн. Тилекке, каршы соңку кылымдардагы социалдык өзгөрүүлөрдөн улам ата энелер өзүнүн табийгый тарбиялык функциясын толук аткаруудан четтеп бара жактан фактылар көбүрөөк кездешип келе жатат. Автор адилет белгилегендей мындай көрүнүшкө ата энелердин тарбиялоо ишине каалоо, ыкластарынын басаңдашы эмес, көбүнесе бүгүнкү ашкан татаал шарттарга ылайык билим жана тажрыйбаларынын жетишсиздиги себеп болууда.

Ошону менен бирдикте мектепте ата -энелердин педагогикалык маданиятын кантип өркүндөтүү зарыл? -деген суроого илим тарабынан жетишээрлик жооп бериле элек. Ал эми практикада бул суроонун жообун издеп жолун чаап тажрыйба жаратып, илимий жактан жалпылап жалпыга жайылтып келе жаткан жигердүү чыгаан педагог Гапыр Мадаминов. Каралып жаткан диссертацияны актуалдуулугу жогору изилдөө катары кароого толук мүмкүн. Анткени, илимде бул маселенин айрым гана жактары теориялык жактан негизделген. Теманын предметине тикеден тике тиешелүү эмгектер өтө эле аз. Коюлган жана чечилген маселелер коомдук педагогикалык жана илимий көз караштардын чектерин кеңейтет жана бул багыттагы жаңы изденүүлөргө жол ачат.

**Диссертациялык изилдөөнү максаты** - *айыл мектептерде ата-энелердин* педагогикалык маданиятынын өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыгуу жана аны натыйжалуу ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо. Коюлган максат жана анын структурасы катары белгиленген милдеттер Кыргызстандын педагогикалык илиминин контекстиндеги чечилган маселелердин алкагынан алып караганда кыйла жаңы.

2. **Изилдөөчү диссертациясында илим жана практика үчүн актуалдуу төмөнкүдөй натыйжаларды жарата алган.**

1. Ата-энелердин окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү активдүүлүгүн өркүндөтүүнүн тарыхый жана илимий-теориялык негиздери айкындалган.
2. Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы, критерийлери иштелип чыгып апробациядан өткөрүлгөн.
3. Айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары аныкталган.
4. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө арналган автордук программа жана колдонмолор басмадан чыгарылып, апробациядан өткөрүлгөн.

3. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат.

**1-натыйжа.** Диссертациянын "Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү – илимий-педагогикалык проблема катары (тарыхый-педагогикалык анализ)" аттуу папаргрфында ата-энелердин окутуу жана

тарбиялоо чөйрөсүндөгү активдүүлүгүн өркүндөтүүнүн социалдык-педагогикалык жана илимий теориялык өболгөрү илим менен практикадагы абалды тыкыр анализдөө аркылуу айкындалган. Автор тарабынан чет элдик, ата мекендик илимдеги теманын тегерегиндеги фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөр тыкыр талдоого алынып, бул багытта илим чөйрөсүндөгү кем өксүктөр ачыкталган. Мындай аракет изилдөөнүн теориялык жана прикладдык багыттарын конкреттүү аныктоого мүмкүнчүлүк берген.

**2-натыйжа.** Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын мазмуну, структурасы, критерийлери ага байланыштуу илимий -теориялык адабияттарды үйрөнүү, коомдук педагогикалык практикадагы эмпирикалык пикирлерди жана тажрыйбаларды үйрөнүү багытында анкета жүргүзүү, сурамжылоо жана аларды эксперттик анализден өткөрүү аркылуу аныкталган. Биздин пикирибизде диссертацияда айылдык ата энелердин педагогикалык маданиятынын образы кандай болуу керек? -деген суроого илимий жактан ишенимдүү, негиздүү жооп алынган. Диссертациянын 2 главасына караштуу 74-96 беттерде автор тарабынан негизделген ата энелердин педагогикалык маданиятынын когнитивдик, операциялык, коммуникативдик, рефлексивдүү, эмоционалдык сыяктуу компоненттеринин мазмуну, критериалдык көрсөткүчтөрүн айкындоонун методологиясы жана методдору илимдин азыркы жетишкендиктерине негизделген. Ошону менен бирдикте автор илимде китептен, диссертациядан диссертацияга көчүп жүргөн жалпы схемалардан качып ата энелердин педагогикалык маданиятынын элдик, улуттук өзөк нугун сактоого аракет кылган.

**3- натыйжа**. Айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары теориялык жактан негизделип чыкты алардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилген. Аталган шарттардын көптөгөн параметрлери диссертацияда таризделген тезистерден алда канча кең жана масштабдуу. Анткени, алар автор өзү эмгектенген мектеп турмушун алдыга жылышын, ийгиликтерин айкындаган концептуалдуу тажрыйба катары кабылданып бүт республиканын педагогикалык коомчулугу тарабынан

талашсыз табылга катары таанылган. Ал эми ал тажрыйбанын детерминанттары катары айкындалган шарттар диссертациянын мазмунуна коюлуучу талаптарга ылайык теориялык өңүттө жеткиликтүү чечмеленген.

**4- натыйжа**. Эксперименталдык иштердин мазмуну өзү долбоорлогон программалардын кайтарымдуулугун текшерүүгө багытталып, автордун жеке өзүнүн чыгармачылык, новатордук демилгеси, катышуусу менен ишке ашырылгандыгы, эксперименталдык материалдардын сандык жана сапаттык жактан ишенимдүү методдор аркылуу мүнөздөлгөнү алынган натыйжалардынн ишенимдүүлүгүнөн шек саноого мүмкүндүк бербейт.

4. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** *Жаңы,* мында ата -энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө байланыштуу социалдык-педагогикалык жана илимий теориялык өбөлгөлөр, ошондой эле Кыргызстандын айыл мектептеринин ата энелеринин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү багытындагы айрым көз караштар жана эмпирикалык тажрыйбалар илимий жактан талдоого алынып баа берилген эмес. Диссертацияда талдоого алынган материалдарды аталган маселенин илимий ретроспективасы туралуу жаңы билимдер катары кабылдоого болот.

**2-натыйжа.** *Жаңы,* анткени, буга чейин кыргыз педагогикасында айыл мектептеринин ата -энелердин педагогикалык маданиятына коюлуучу талаптар алардын өз балдарын тарбиялоо жатындагы компетенттүүлүктөрүнүн мазмуну, негизги көрсөткүчтөрү, деңгээлдери атайын изилдөө предмети болгон эмес. Кыргыз педагогика илиминин корунда ата энелердин педагогикалык маданиятынын зарылдыгы маселе катары көп коюлган менен анын мазмунун компоненттерин, критерийлерин моделдештирүү аракети биринчи жолу аткарылган.

**3-натыйжа.** *Жаңы,* айыл мектептеринин ата -энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары жалпы илимий жоболор менен бирге автордун чыгармачылык новаторлук интуициясынын айкалышын көрүүгө болот. Аныкталган

шарттар педагогика теорияны жана практиканы жаңы билим жана илими-практикалык сунуштар менен байытат.

**4-натыйжа.** *Жаңы* Эксперименталдык–тажрыйба иштер автордун жеке катышуусу менен жүргүзүлүп натыйжалары илимий аналитикалык талдоого алынган. Алардын негизинде иштелип чыккан сунуштар негиздүү.

5. **Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

Изилдөөнүн натыйжаларын пайдалануу, билим сапатына диагноздоо жана мониторинг жүргүзүү, өркүндөтүүгө, ата энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыгып таасирдүүлүгү көп жылдык тажрыйбада тастыкталган "Энелер мектебин" – ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун жаңы модели катары колдонууга болот. Изилдөөнүн натыйжаларын камтыган автордун илимий методикалык колдонмолорун жогорку окуу жайлардын мугалимдерди даярдоо практикасында колдонууга болот.

6. **Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү **Изденүүчү Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар **ата-энелердин педагогикалык маданиятын** өнүктүрүүгө салым кошот деп эсептөөгө болот. Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы излдөөлөрдүн катарына кирет.

Диссертация белгиленген проблема боюнча ички биримдикке ээ жана бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогикасына кошкон жеке салымын тастыктайт.

7. **Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 4 китеп 16 макалада жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

8. Автореферат жана жарыяланган эмгектер толугу менен диссертациянын мазмунун чагылдырат жана ага туура келет.

9. **Диссертациялык жумуштун айрым кемчиликтери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:**

1. Диссертация жана авторефератта айылдык ата энелердин педагогикалык маданиятынын образы кандай болуу керек деген суроого тиешелүү жетиштүү жооптор бар. Бирок, ал маселени аныктап тактоонун методдору жетишээрлик чагылдырылбай калган.
2. Диссертациянын тексти жана автореферат автордун айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү боюнча китептеринде жана макалаларында орун алган илимий тааным үчүн маанилүү иновациялык тажрыйбаларын толугу менен мүнөздөй албайт. Автордун педагогикалык коомчулукта резонанс жараткан көптөгөн табылгалары илимий айлампага айланып диссертациянын текстине кирбей калган.
3. Авторефератта схемалар жана таблицалар өтө эле жыш орун алып калгандай таасир калтырат. Алынган жыйынтыктарга байланыштуу айрым таблицалар алардын маани-маңызын ачыктап чечмелөөчү аналитикалык тексттер менен коштолсо диссертация утуштуу болмок.

Арийне аталган кемчиликтер диссертациянын теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Мадаминов Гапырдын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

Жалпысынан изденүүчү Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык

шарттары» аттуу педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Мадаминов Гапыр 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот. Орточо баллдардын суммасы 4,8 балл.

**Расмий оппонент:**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин**
**профессору, педагогика илиминин**
**доктору** **Алимбеков А.**

**А. Алимбековдун колун тастыктайм:**

КЕҢСЕ
Кыргыз-Түрк "Манас" университети
KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE "MANAS" ÜNİVERSİTESİ
02712199510190

**Мадаминов Гапыр Маматкуловичтин «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары»** аттуу темадагы диссертациясын эксперттик баалоонун **чен-өлчөмдөрү**

| № | Баалоонун негизги чен-өлчөмдөрү | Баллдардын саны |
|---|---|---|
| | | |
| I | **Актуалдуулуктун чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөө проблемаларынын иликтенгендиги | 5 |
| 2. | Тандалып алынган теманын актуалдуулугунун негизделиши | 5 |
| 3. | Иштелмелерге жасалган мамиленин артыкчылыктары | 5 |
| 4. | Автордук жумушчу божомолдун логикалуулугу | 5 |
| 5. | Максаттын жана милдеттин баяндалышы жана өз ара | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | **25** |
| | **Орточо балл** | 5 |
| II | **Жаңылыктардын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн принциптуу жаңылыгы | 5 |
| 2. | Илимий-усулдук мамиленин жаңы экендиги | 4 |
| 3. | Көтөрүлгөн негизги жоромолду типтештирүү | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 14 |
| | **Орточо балл** | **4, 4** |
| III | **Сапаттын жана деңгээлдин чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн уюштурулушу жана методологиясы | 4 |
| 2. | Илимий теориялык ресурстары | 5 |
| 3. | Изилдөөнүн илимий колдонуучулук ресурстары | 5 |
| 4. | Материалдарды иштеп чыгуунун негиздүүлүгү | 5 |
| 5. | Теориялык натыйжа (фундаменталдуулугу) | 4 |
| 6. | Натыйжалардын практикадагы зарылдыгы | 5 |
| 7. | Максаттын жана милдеттин ишке ашырылыш деңгээли | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 33 |
| | **Орточо балл** | 4,7 |
| IV | **Апробациялангандыктын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Публикациянын толуктугу, деңгээли жана географиясы | 5 |
| 2. | Ачык апробациялоонун толуктугу жана географиясы | 5 |
| 3. | Белгиленген муктаждыкты канааттандыруу деңгээли | 5 |
| 4. | Изилдөөгө жеке салым | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | **20** |
| | **Орточо балл** | **5** |
| V | **Жол-жоболоштуруу сапатынын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Диссертацияны жол-жоболоштуруунун сапаты | 5 |
| 2. | Авторефератты жол-жоболоштуруунун сапаты | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | **10** |
| | **Орточо балл** | **5** |
| VI | **Диссертацияны «өткөрүүнүн» чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Коргоо алдындагы жол-жоболордун шайкештиги | 5 |
| 2. | Коргоо жол-жоболорунун шайкештиги | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 10 |
| | **Орточо балл** | 5 |
| | **Баллдардын жалпы суммасы** | **111** |
| | **Орточо балл** | **4,8** |

**Расмий оппонент:** __п.и.д., профессор__ **Алимбеков А.**

__**А. Алимбековдун**__ колун тастыктаймын Кадрлар бөлүмүнүн башчысы